## СЕН БОЛОСУҢ ЖУБАЙЫМ

К исп. Садыров Нурмат

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Эрнист Жоошев

Карегиңден, окуп турам,
Мени гана сүйөсүң.
Карап койсом толкуп улам,
Сыр билгизбей жүрөсүң.

Көздөрүңдү ала качып,
Көрбөй калсаң санаа басып,
Карлыгачым тарта бербе убайым!

***Апакемди сүйүндүрүп,***
***Ак шөкүлө, көйнөк кийип,***
***Акыр бир күн сен болосуң жубайым!***

Куп жарашкан, кол кармашкан,
Биз болобуз эки жаш.
Жашырбастан, жалын чачкан,
Жүрөгүңө эшик ач!

Сүйлөшпөйсүң, кат жазасың,
Сүрдөнөсүң, башкачасың.
Анчалык көп назданба деп сурайын!

***Апакемди сүйүндүрүп,***
***Ак шөкүлө, көйнөк кийип,***
***Акыр бир күн сен болосуң жубайым!***

Сандыгынан жоолук тандап,
Эл чакырып, боорсок камдап,
Жеңелерим чуркап калсын ылайым!

***Апакемди сүйүндүрүп,***
***Ак шөкүлө, көйнөк кийип,***
***Акыр бир күн сен болосуң жубайым!***